**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРЫ**
**БАЗАР-КОРГОН ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН**
**ГОРОД БАЗАР-КОРГОН**
**БАЗАР-КОРГОНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ**

Базар-Коргон ш., К.Култаев көч. № 85,
тел: (03736) 5-00-53

г.Базар-Коргон , ул. К.Култаева № 85,
тел: (03736) 5-00-53

10-ноябрь 2021-ж. Базар-Коргон шаары.

**Базар-Коргон шаардык Кеңешинин I-чакырылышынын**
**кезектеги IX-сессиясынын**
**№1-ТОКТОМУ**

Базар-Коргон шаар мэриясынын 2021-жылдын
4-жарым жылдыгына карата бекитилген сметасына
өзгөртүү жана толуктоо киргизүү жөнүндө

Базар-Коргон шаар мэриясынын киреше жана чыгаша бөлүгүнө 2021-жылдын 4-жарым жылдыгына карата 6 956,0 сом үнөмдөлгөн жана түшө турган акча каражаттардын эсебинен чыгаша бөлүктөрүнө жылдыруу боюнча Базар-Коргон шаарынын мэри И.Төлөновдун 02.11.2021-ж. № 01-7/1205 сандуу кайрылуусун, Базар-Коргон шаар Кеңешинин Бюджет-Экономика, сырткы жана ички инвестиция тартуу боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун карап чыгып талкуулап, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Базар-Коргон шаардык кеңешинин I-чакырылышынын кезектеги IX-сессиясы **токтом кылат:**

1. Мунуиципалдык менчикти башкаруу департаментине базардын алдын иретке келтирүү үчүн 400.0 миң жана кошумча штат боюнча айлык акы үчүн 300.0 миң. Ү.Сыдыков атындагы парктын лотокторун ремонттоо учун 100,0 миң сом.
2. “Тазалык” муниципалдык ишканасына субцидия катары 2511-ст. 1740,0 миң сом,
3.2021-жылдын 1-сентябрынан ишке берилген № 42 Ак кеме-1,№43 Нурбакыт мектепке чейинки билим берүү мекемелерине көмүр сатып алуу үчүн 60,0 миң сом,
4. Жети-Кошкон айылындагы №24 Нурдавлетов атындагы орто мектепке ажааткана куруу үчүн 770,0 миң сом,
5. Базар-Коргон шаарына караштуу Т.Сайдуллаев-К.Култаев көчөлөрүнүн кесилишинде жайгашкан аймактык милиция бөлүмчөсүнүн имаратын косметикалык оңдоо үчүн 86,0 миң сом,
6. № 42 Ак-кеме-1, №43 Нурбакыт мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде тарбияланып жаткан балдарга тамак аш сатып алуу үчүн 300,0 миң сом.
7. Базар-Коргон шаарында жашаган жалгыз бой, багар-көрөрү жок карыяларга жана 1- тайпадагы майыптарга материалдык жардам көрсөтүү максатында көмүр сатып алуу үчүн 400,0 миң сом.
8. Мектеп жана мектепке чейинки билим берүү мекемелерине: №26 А.Кудайбердиев-100.0 миң. №30 Ө.Атабекова -105.0 миң. №1 Макаренко-100.0 миң. Б.Абдрашев-50,0 миң, №2 А.Нишанбаев-100,0 миң. Периште-77.0 миң. №39 Акылай-100.0 миң. №3 Акбермет-62.0 миң, Чолпон-57.0 миң сом,
9. Ооган согушунун катышуучуларынын эстелигин реконструкциялоо үчүн-245,0 миң сом,
10. Сейдикум чек арасына 2215 ст. – 15,0 миң сом,
11. Ар түрдүү спорт оюундарына 2215 ст.-100,0 миң сом.
12. Э.Аралов көчөсүндөгү муниципалдык мини спорт аянтчасын тосмолоо үчүн-100,0 миң сом.

13. Электр линияларын тартуу үчүн темир-бетон мамычалары, электр чубалгыларын (чайник, комут) бардык жабдууларын сатып алууга-1488,5 мин сом.
14. Базар-Коргон шаарынын ардактуу атуулдарын сыйлоо үчүн төш белги жана бархат лентасын жасатуу үчүн-100,0 миң сом.
15. №42"Ак кеме-1" жана №39 Акылай атындагы бала бакчалардын эмгек маянасын республикалык бюджеттен каржылоо чечилбегендигине байланыштуу Базар-Коргон шаар мэриясы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде төлөп берүү жагын Базар-Коргон шаар мэри И.Төлөновко жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчсына сунуштайбыз.
16. Жогорудагы көрсөтүлгөн жумуштарды иш жүзүнө ашыруу үчүн жалпысы болуп 6956,0 миң сомго өзгөртүү жана толуктоо киргизилсин.
17. Токтомду аткаруу жагы Базар-Коргон шаар мэри И.Төлөновко жана финансы-экономика бөлүмүнүн убактылу милдетин аткаруучу башчысына милдеттендирилсин.
18. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамына ылайык Базар-Коргон шаар мэриясынын расмий www.bazar-korgonmeria.kg веб-сайтына жарыялансын.
19. Аталган токтомду расмий жарыялоо жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү жагы убактылу милдетин аткаруучу жооптуу катчыга милдеттендирилсин.
20. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Базар-Коргон шаар кеңешинин төрагасынын орун басары Д.Юсуповко милдеттендирилсин.

**Базар-Коргон шаардык**
**кеңешинин төрагасы:** **Садыков З.Ш.**